КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ

ТИЛЕКТЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛ ОКМОТ
ТИЛЕКТЕШСКОГО АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Тилектеш айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXII сессиясынын**

ТОКТОМУ

**23.07.2026.** **№ 22/1** Жаңы-Турмуш айылы

**Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча, айыл өкмөттүн коомдук коопсуздук жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адисинин аткарып жаткан иштери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 111-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Жарандык коргонуу жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинин 21-пункттуна ылайык, айыл өкмөтүнүн коомдук коопсуздук жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адиси К.Абдылдаевдин аткарып жаткан иштерин угуп жана талкуулап, Тилектеш айылдык кенешинин **VIII** чакырылышынын кезектеги **XXII** сессиясы **токтом кылат:**

1. Айыл өкмөтүнүн коомдук коопсуздук жана өзгөчө кырдаалдар боюнча жетектөөчү адиси К.Абдылдаевдин аткарган иштери жөнүндө маалыматы эске алынсын жана иши канааттандырарлык деп табылсын.
2. Кооптуу аймактарда жашап жаткан жарандарга, коопсуз жайларга көчүрүү боюнча мыйзам чегинде түшүндүрүү жана уюштуруу иштерин күчөтүү жагы айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.
3. Сел, жер көчкү, суу ташкыны жана башка өзгөчө кырдаалга кооптуу аймактарга инвентаризвция жүргүзүү, аларды картага түшүрүү жана тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте алдын алуу иш-чараларын уюштуруу жагы айыл өкмөтүнө тапшырылсын.
4. Өзгөчө кырдаалдар келип чыккан учурда колдонулуучу материалдык-техникалык каражаттардын корун түзүү жана анын жетиштүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлсүн.
5. Айыл аймагындагы көпүрөлөрдүн, арыктардын , сел өткөрүүчү каналдардын жана башка инженердик курулмалардын техникалык абалын текшерип, аныкталган кемчилдиктерди жоюу боюнча айыл өкмөтү сунуштарды даярдасын.
6. Турак жайларды камсыздандыруунун зарылдыгы боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана камсыздандырууга көмөк көрсөтүү боюнча айыл өкмөт башчысы иш алып барсын.
7. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин уюштуруу, укуктук маселелер жана мыйзамдуулук боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Төрөшев**